“Бекитемин”
ОшМУнун Өзгөн эл аралык
медициналык колледжинин
директорунун м.а
________Г.А.Сулайманова

“24” ___09___ 2025-ж

**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжи**
**«ТАЛАНТ» ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КЛУБУ ЖӨНҮНДӨ**
**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. «Талант» чыгармачылык клубу – колледждин таланттуу студенттерин бириктирген маданий-тарбиялык багыттагы ыктыярдуу бирикме.

1.2. Клуб бий, актерлук чеберчилик, сахналык маданият жана чыгармачылык өнөрдү өнүктүрүү максатында түзүлөт.

1.3. Клуб өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ОшМУнун Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.4. Клубга бардык каалоочу студенттер ыктыярдуу негизде кабыл алынат.

**2. Максаты**

- Студенттердин чыгармачылык жөндөмүн ачуу жана өнүктүрүү;
- Сахналык маданиятты калыптандыруу;
- Колледждин маданий иш-чараларына активдүү катышуу;
- Патриоттук жана эстетикалык тарбия берүү.

**3. Милдеттери**

- Бий өнөрүн үйрөтүү (улуттук, заманбап, эл аралык бийлер);
- Актерлук чеберчиликти, сахнада өзүн алып жүрүүнү өнүктүрүү;
- Театралдык коюуларды даярдоо;
- Маданий иш-чараларды уюштуруу жана катышуу;
- Райондук, шаардык жана облустук деңгээлдеги сынактарга катышуу.

**4. Клубдун түзүмү**

4.1. Клуб төмөнкү багыттар боюнча иш жүргүзөт:

- Бий кружогу
- Актерлук кружогу

4.2. Клубдун ишин жетекчи тарбия иштери боюнча директордун орун басары Э.С.Каримбаев координациялайт. Кружоктун усулчусу Өзгөн райондук маданият үйүнүн режисеру Бакыт Мойдунов

4.3. Машыгуулар жумасына 1- жолу белгиленген график боюнча өткөрүлөт.

**5. Клуб мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери**

**Укуктары:**

- Иш-чараларга катышуу
- Сынактарга сунушталуу
- Сыйлык жана сертификат алуу

**Милдеттери:**

- Машыгууларга үзгүлтүксүз катышуу
- Сахналык тартипти сактоо
- Колледждин аброюн көтөрүү

**6. Жоопкерчилик**

Клуб мүчөлөрү ички тартип эрежелерин сактоого милдеттүү. Жетекчи уюштурулган иш-чаралардын коопсуздугу жана сапаты үчүн жооп берет.

Түзгөн:

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Э.С.Каримбаев